**КР УИАсынын Тарых жана маданий мурас институту**
**Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д.07.09.390**

*Кол жазма укугунда*
УДК: 947,1(575,2) 088:394

**БЕКТЕМИРОВА АЙНАГУЛ КАШКАРБАЕВНА**

# НАРЫН ОБЛУСУНУН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ТУРМУШУ (1991–2005-жж.)

Адистиги: 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

Авторефераты

Бишкек – 2009

Диссертациялык иш Нарын мамлекеттик университетинин Философия жана социалдык илимдер кафедрасында даярдалды

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчиси:** | тарых илимдеринин доктору, профессор Осмонов Ө.Ж. |
| **Расмий сын-пикир ээлери:** | тарых илимдеринин доктору, профессор Сулейманов К. |
| | тарых илимдеринин кандидаты, доцент Окишев А. О. |
| **Жетектөөчү мекеме:** | Бишкек гуманитардык университетинин Кыргызстандын тарыхы жана сырткы Чыгыш кафедрасы |

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурас институтунун жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) диссертацияларды коргоочу Д.07.09.390 диссертациялык кеңештин 2009-жылдын «9» ________ саат _____ башталуучу жыйынында корголот.

Дареги: Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертациянын кол жазмасы менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2009-ж. «8» июнь таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
тарых илимдеринин доктору Ш.Д.Батырбаева

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргызстанда өнүккөн демократиялык коомду курууда жана бул процессти илимий түшүнүүдө облустардын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн маселелери зор кызыгуу туудурат. Мына ошондуктан Кыргызстандын социалдык-экономикалык турмушун изилдөөгө, андагы топтолгон маселелерди чечүүгө арналган илимий-изилдөөлөрдү жүргүзүү азыркы учурдун талабы болуп калды. Кыргызстандын социалдык-экономикалык жалпы турмушун иликтеп-изилдөөдө региондордун абалын талдоо актуалдуу маселелерден экендиги талашсыз, себеби мамлекеттин экономикалык жактан өнүгүшү өлкөнүн административдик-аймактык түзүлүштөрүнүн социалдык-экономикалык абалынын деңгээли менен аныкталары белгилүү. Нарын облусу айыл-чарбалуу регион болуп, анда жашаган калктын, басымдуу көпчүлүгү айыл жергесинде жайгашкандыктан, айылдардагы топтолгон социалдык маселелерди чечүүдө айыл-чарба өндүрүшү өзгөчө орунда турат. Дал айыл чарбасы өнүккөн учурда гана тигил же бул мамлекеттин калкынын материалдык жыргалчылыгы камсыз болуп, көптөгөн социалдык маселелер ийгиликтүү чечилээрин дүйнөлүк тажрыйба айкындаган.

Бул маселе Кыргыз Республикасы, анын ичинде Нарын облусу үчүн өзгөчө актуалдуу. Бүгүнкү күндө Кыргызстандын айыл чарба продукцияларынын жалпы көлөмүндөгү облустун салыштырма салмагы 4,0% га жакын деңгээлди түзүп, ал эми мал чарбасына адистешкен аймактын айыл чарбасынын дүң продукциясынын көлөмүндө мал чарбасынан алынган продукциясынын салыштырма салмагы 60%дан ашыгыраакты түзгөндүгүн айтсак, айыл чарба тармагы облустун бүткүл чарбасынын негизи болгондугун көрөбүз. Ошондуктан өндүрүштүн бул тармагынын алга жылышы айылдын социалдык маселелеринин чечилиши менен тыгыз байланыштуу, тескерисинче, айылдын социалдык турмушунда буга чейин чечилбей топтолуп келген социалдык маселелердин ишке ашышы тикеден-тике айыл-чарба өндүрүшүнө байланыштуу.

Кыргызстандын башка облустарынан айырмаланып, Нарын облусунун калкынын 98,8 %ын жергиликтүү улуттун өкүлдөрү түзөт, калктын 82%ы айылдарда жайгашып, дээрлик баардыгында кыргыздар жашайт. Ошондуктан облустун калкынын социалдык турмушун жакшыртуу аракетин күчөтүү жергиликтүү элдин, т.а. кыргыздардын кызыкчылыгын канааттандыруу дегендикке жатат.

Кыргызстандын келечек тагдыры региондордун социалдык-экономикалык өнүгүшү менен тыгыз байланыштуу, мамлекеттин региондору

канчалык күчтүү болсо, өлкөбүз ошончолук күчтүү мамлекет болоору талашсыз. Ушуга байланыштуу, каралып жаткан мезгилдеги радикалдуу социалдык-экономикалык реформалардын шартындагы Нарын регионунун социалдык жактан өнүгүү тажрыйбасын изилдөө жана жалпылоо олуттуу илимий-теориялык жана практикалык мааниге ээ.

**Теманын илимий жактан изилденүү деңгээли.** Нарын облусунун социалдык-экономикалык турмушун изилдеген олуттуу илимий эмгек жарала элек. Бирок, белгилүү деңгээлде Кыргызстандын социалдык-экономикалык абалын чагылдырган эмгектерде, региондордун абалын үстүртөдөн баяндаган маалыматтар бар.

Аталган проблеманы изилдөөчүлөр жалпы эле Кыргызстанда радикалдуу жер жана агрардык реформанын ишке ашырылышын, жаңы социалдык саясаттын калыптанышын жана жакырчылыкты жоюунун маселелерин, билим берүү жана саламаттык сактоо тармактарын реформалоо иштеринин жүрүшүн илимий изилдөөгө багыт алууда. А.Асанканов, А.Алишева, А.Акунов, С.Данияров, Дж.Джунушалиев, К.Каракеев, А.Курбанова, О.Осмонов, Т.Ожукеева, Дж.Малабаев, В.Плоских, Т.Омукеева ж.б. эмгектеринде Кыргызстандын айыл-кыштактарынын, анын ичинен Нарын облусунун социалдык-экономикалык турмушун чагылдырган маалыматтар бар. Коомдук аң сезимдин, жалпы эле руханий маданияттын абалы А.Брудный, А.Какеев жана Э.Чотбаева сыяктуу философтордун, Б.Бейшенов, К.Бектурганов, Б.Бөкөнбаев, А.Дононбаев, К.Исаев, Т.Ташибеков сыяктуу философтордун, политологдордун жана социологдордун эмгектеринде учкай каралат.

Бул мезгилде жарыяланган эмгектерди бир нече топко бөлүүгө болот. Биринчи топко Кыргызстанды алдыга, турмуштун бардык тараптарын кардиналдуу жаңыртуу багытында жылдырууга өбөлгө түзгөн коомдун жана экономиканын, агрардык саясаттын жана социалдык сферанын негизги багыттарын иликтеген эмгектерди көрсөтүүгө болот[1]. Бул эмгектерде мурда талашсыз көрүнгөн постулаттар жаңыча каралган, айылда чарба жүргүзүүнүн жаңы ыкмалары иштелип чыгып, сунуш кылынган, шаар менен айылдын ортосундагы карым-катыштар жаңыча көз караштан иликтенген.

Экинчи топко каралып жаткан проблемалар негизги багыт катары изилденген эмгектерге А.Асанканов, О.Осмонов, У.Чотонов, А.Загиров, К.Мусабаева, А.Маматов[1] сыяктуу тарыхчылардын; А.Рахматов, С.Омурзаков, С.Байбосунова, А.Мамбетов[2] сыяктуу экономисттердин диссертациялык изилдөөлөрү тиешелүү.

Изилденип жаткан маселеге эң жакыныраак суроолор төмөнкү макалаларда жана диссертацияларда каралган.

Ө.Осмоновдун «Кыргызстандын айыл чарбасы жана айыл-кыштактардын социалдык турмушу» деген монографиясында архивдик, статистикалык материалдардын, социологиялык иликтөөлөрдүн негизинде Кыргызстандын 1966-1985-жылдардагы айыл-чарбасынын абалын жана айылдын социалдык турмушун комплекстүү түрдө иликтеген.

Б.Джаманкуловдун «Социально-экономическое развитие села» деген монографиясында Кыргызстандын айылынын турмушунун бардык жактарын комплекстүү өзгөртүүнүн маселелери каралган. Муну менен бирге ар бир жекече учурда дифференцияланган мамиле кылуунун, өлкөнүн айрым райондорундагы айылдын абалынын өзгөчөлүктөрүн эске алуунун мааниси баса белгиленген. Эгемендүүлүктүн калыптанышынын алгачкы этабы (1991-1995), кайра жаралуунун жолдорун издөө, саясий системаны өзгөртүүнүн, Кыргызстандын мамлекеттүүлүгүн куруунун маселелери У.Чотоновдун «Суверенный Кыргызстан» (1995) деген китебинде чагылдырылат.

А.Загировдун диссертациясы[3] Кыргызстандагы айылдардын 90-жылдардагы социалдык-экономикалык өнүгүшүн изилдөөгө арналган. Ал

---

[1] *Акаев А.*Стратегия социально-экономического развития Республики Кыргызстан первоочередные задачи. – Бишкек, 1993; *Алиев К.А.* Социально-демографические основы занятости населения в условиях рыночной экономики. – Бишкек, 1992; *Балбаков М.К.* Рыночные отношения и особенности их реализации в аграрном секторе. – Бишкек, 1991; *Койчуев Т.* Социальная модель переходный период. – М., 2000; *Койчуманов Т.Дж.* Первый экономических реформ. – Бишкек, 1996; *Кумсков В.П.* Рыночная экономика для всех. – Бишкек, 1995; *Купуев П., Купуева А.* Население и социальная сфера. – Бишкек, 1996; *Идинов К.* Кыргызстан в системе международных экономических отношений. – Бишкек, 1997; *Осмонов О.Дж.* Социальная жизнь общества и социальная политика: методология, проблемы, новые подходы. – Бишкек, 1992; *ошонуку эле.* Кыргызстандын айылынын демографиялык абалы жана рухий маданияты. – Бишкек, 1993; *Омуралиева Д.* Проблемы развития рыночных аграрных формирований. – Бишкек, 2003 ж.б.

[1] *Асанканов А.* Социально-культурное развитие кыргызского сельского населения (по материалам этносоциологических исследований): Дис. … д-ра. ист. наук. – М., 1993; *Осмонов О.* Кыргызстандын айыл-кыштактардын социалдык турмушу. (1966-1985-жж): Дисс... докт. ист. наук. – Бишкек, 1994; *Загиров А.* Социально-экономическое развитие села в 90-годы: Дисс… канд. ист. наук. – Каракол, 2004; *Маматов А.* Основные направления модернизации социальной сферы (1992-2002): Дис. … канд. ист. наук. – Бишкек, 2005; *Мусабаева К.* Сельская интеллигенция Кыргызстана (1985-2005 гг.): Дис. … канд. ист. наук. – Бишкек, 2007.

[2] *Рахматов А.* Проблемы организации и повышения эффективности сельскохозяйственного производства в условиях формирования рыночных отношений: Дис. … д-ра. экон. наук. – Бишкек, 1993; *Омурзаков С.* Развитие прогрессивных форм хозяйствования в сельском хозяйстве в условиях перехода к рыночным отношениям: Дис. … д-ра. экон. наук. – Бишкек, 1993;ж. б.

[3] Аталган автордун жана мындан кийинки изилдөөчүлөрдүн эмгектери диссертациянын соңундагы адабияттардын тизмесинде берилген.

тарыхчылардан биринчи болуп 90-жылдардагы айылдардын социалдык-экономикалык өнүгүшүн архивдик материалдарды, статистикалык маалыматтарды колдонуп изилдеп чыккан. Диссертациянын экинчи бөлүмүндө айылдардагы билим берүүнүн абалын, айыл калкынын жашоо турмушун жана, айылдагы жакырчылык жана аны жоюунун аракеттери иликтелип изилденген. Бирок бул диссертацияда Нарын облусунун социалдык өнүгүшү дээрлик чагылдырылган эмес.

А.Маматов өзүнүн диссертациясында 1992-2002-жылдардыгы Кыргызстандагы социалдык чөйрөнү модернизациялоонун негизги багыттарын изилдеген.

Кыргызстандын калкынын социалдык турмушунун мааанилүү көрсөткүчү болгон калктын билимдик, кесиптик-техникалык деңгээлин изилдөөгө Н.У.Курбанова И.В.Халанский, К.Г.Жыргалбекова, К.Мусабаева сыяктуу окумуштуу-тарыхчылар салым кошууда. Бирок бул тарыхчылардын эмгектеринде Нарын облусунун социалдык чөйрөдөгү маселелери учкай гана каралган.

Ошентип, адабияттарды талдоодон Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн айрым маселелерин изилдөө ишине республиканын коом таануучулары тарабынан олуттуу салым кошулгандыгы байкалат. Ошону менен бирге, маселенин историографиясында Нарын облусунун 1991-2005-жылдардагы социалдык-экономикалык өнүгүшү комплекстүү илимий изилдөөнүн объектиси катары каралган эмес.

Жогоруда аталган жагдай рынок мамилелеринин калыптануу мезгилиндеги Нарын облусунун социалдык өнүгүшүнүн тажрыйбасын жана маселелерин терең иликтөө жана түшүнүү зарылдыгын шарттап турат. Басып өткөн жолду жыйынтыктоо жана комплекстүү түрдө баалоо, кризистик абалды ачык көрсөтүү, андан чыгуунун жолдорун издөө облустун мындан аркы алдыга өнүгүүсү үчүн өтө олуттуу мааниге ээ. Өткөөл мезгилдин оң да, терс да тажрыйбасын талдап, илимий изилдөө өзгөчө баалуу. Ушундан улам аталган тема диссертациялык иш катары тандалган.

**Изилдөөнүн максаттары жана милдеттери.** Диссертациялык эмгекте 1991-2005-жылдардагы Нарын облусунун социалдык-экономикалык турмушун хронологиялык ырааттуулукта, конкреттүү архивдик материалдарга, статистикалык маалыматтарга жана башка тарыхый булактарга таянуу менен, комплекстүү изилдөө максаты коюлган.

Максатка ылайык төмөндөгүдөй милдеттер аныкталган:

- Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун социалдык өнүгүшүнүн негизи катары айыл чарба өндүрүшүнүн каралып жаткан жылдардагы абалын изилдөө. Кыргыз Республикасынын агрардык саясатын, Нарын облусунда агрардык-жер реформасынын жүрүшүн, анын ийгиликтерин жана кыйынчылыктарын иликтөө. Облустун калкынын турмуш деңгээлинин негизи катары ошол жылдардагы айыл чарба өндүрүшүнүн жетишкендиктерин жана мүчүлүштөрүн, анын кризиске дуушар болушунун себептерин талдоо;
- Нарын облусунун социалдык турмушунун коомдук бардык тармактарын реформалоо мезгилиндеги өзгөрүүлөрдүн, кыйынчылыктардын себептерин иликтөө;
- Нарын облусунун демографиялык абалынын өзгөчөлүктөрүн, жакырчылыктын өсүшүн жана анын себептерин көрсөтүү;
- Нарын облусунун калкына билим берүү, кесипчилик-техникалык, жогорку билим берүүнүн өнүгүшүндөгү жаңы багыттардын натыйжаларын жана кемчиликтерин аныктоо;
- Нарын облусундагы саламаттыкты сактоонун абалы жана калктын ден соолугу үчүн камкордуктун денгээлин талдоо;
- Документалдуу материалдарды талдоонун жана жалпылоонун негизинде Нарын облусунда келечекте агрардык-жер реформасын жана социалдык-экономикалык өнүгүшүн жакшыртуунун жолдорун аныктоого, конкреттүү практикалык сунуштарды иштеп чыгууга аракет кылуу.

**Изилдөөнүн объектиси:** Нарын облусунун социалдык-экономикалык турмушу.

**Иштин хронологиялык алкагы.** Нарын облусунун 1991-2005-жылдардагы социалдык-экономикалык турмушу изилдөөгө алынды. Ошону менен бирге Нарын облусу Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык бирдиги болгондуктан, өлкөнүн ичиндеги социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр, өнүгүү багыттарындагы процесстер талданды.

**Изилдөө ишинин теориялык жана методологиялык негизин** тарыхый объективдүүлүк, тарыхый логикалык жана таанып билүү принциби, системалык-статистикалык, тарыхый-салыштырмалуу талдоо жүргүзүү ыкмалардын жыйыны түздү. Негизги илимий ыкмалар катары фактылык маалыматтарга, башка маалыматтарга анализ жүргүзүүгө гана эмес, аларды бири-бири менен карым-катышта салыштырууга да мүмкүндүк берүүчү логикалык жана салыштырма методдор колдонулду. Иште ар кыл булактардын бүткүл комплексинен алынган маалыматтар пайдаланылды.

**Диссертациянын негизги булак базасы:** Нарын облусунун социалдык-экономикалык турмушун изилдөө үчүн Нарын облусунун мамлекеттик архивиндеги документтер пайдаланылды. Изилдөө ишине Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын айыл чарба, билим берүү, саламаттыкты сактоо бөлүмдөрүнүн, Нарын мамлекеттик университетинин учурдагы архивдеринин материалдары кеңири колдонулду.

Каралып жаткан маселелерди изилдөөдө Кыргыз Республикасынын экс-президенти А. Акаевдин, учурдагы өлкөбүздүн президенти К.Бакиевдин жана башка мамлекеттик, коомдук жана саясий ишмерлердин макалалары жана чыгып сүйлөгөн сөздөрү чоң теориялык мааниге ээ. Жогорку Кеңештин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, ошондой эле Билим берүү жана илим, Айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы, Эмгек жана социалдык коргоо, Каржы министрликтеринин, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин учурдагы архивдеринин документтери жана материалдары да колдонулду. Булак катары Нарын облусунун социалдык-экономикалык өнүгүшү жөнүндө маанилүү маалыматтарды камтыган Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин статистикалык жыйнактары жана жылдык басылмалары кеңири пайдаланылды.

Диссертацияда 1991-жылдан 2005-жылга чейин кабыл алынган жана иштеп турган официалдуу мамлекеттик документтер, мыйзамдар, Кыргыз Республикасынын Президенттинин указдары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору колдонулду. Ошондой эле, каралып жаткан мезгилге арналып жарыяланган тарыхчылардын, философтордун, экономисттердин, укуктаануучулардын, политологдордун, социологдордун эмгектери, ар кыл тармактардагы окумуштуулардын жана журналисттердин аналитикалык жана публицистикалык макалалары, гезит-журналдардын материалдары пайдаланылды. Биздин темабызга байланыштуу материалдардын камтылбаганынан улам жогоруда аталган булактардан бардык маалыматтарды толугу менен кездештирбегенибизди белгилей кетишибиз керек. Кыргызстандын социалдык процесстери жөнүндө тарыхый, статистикалык жана социологиялык маалыматтардын ичинде Нарын облусуна тийиштүү маалыматтар аз экенин белгилөө зарыл. Ошол эле учурда, диссертацияда биз колдонгон материалдардын көпчүлүгү илимдин алкагына биринчи жолу киргизилгенин да айта кетүүбүз керек.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Кыргыз историографиясында биринчилерден болуп Нарын облусунун социалдык турмушунун өткөөл мезгилдеги абалын бүгүнкү күндүн талабына ылайык комплекстүү изилдөөгө аракет жасалды. Нарын облусунун экономикасынын негизин айыл чарбасы түзгөндүктөн өндүрүштүн ушул тармагын изилдөөгө чоң көңүл бурулду. Изилдөөдө документалдык материалдар жана облустун учурдагы архивдик материалдары биринчи жолу илимий колдонууга киргизилүү менен облустун айыл чарбасынын рынок экономикасына өтүү шартындагы процесстер, калктын социалдык абалы изилденди. Изилдөөдө Нарын облусунун социалдык чөйрөсү Кыргызстандын жалпы контекстинде каралып өлкөбүздүн башка региондору менен салыштырууга көңүл бурулду. Облустун айыл жергесиндеги социалдык турмушунда [illegible] маселелердин топтолушунун себептерин, натыйжаларын көрсөтүүгө аракет жасалды.

**Иштин практикалык мааниси.** Иште камтылган илимий тыянактарды, фактологиялык материалдарды, ошондой эле байкоолорду эгемендүү Кыргызстандын тарыхы боюнча жалпылоочу эмгектерди даярдоодо колдонууга боло тургандыгы иштин теориялык жана практикалык маанилүүлүгүн аныктайт. Изилдөөнүн материалдарын окутуу-тарбиялоо процессинде, адистерге жана айыл жумушчуларына экономикалык билим берүү системасында да, социалдык билим берүү системасында да пайдаланууга болот.

**Коргоого коюлуучу негизи жоболор:**

-Нарын облусунда жер жана агрардык реформанын жүрүшүндө бир катар кемчиликтер кетирилгендиктен, айыл чарба өндүрүшү сезилерлик төмөндөгөн;

-Рынок мамилелерине өтүүдө Нарын облусунун айыл чарбасындагы өзгөрүүлөрдөн улам айыл чарба продукцияларын өндүрүү жеке, фермер жана дыйкан чарбаларына туура келген;

-Нарын облусунда айыл чарбасында өнүгүү 1996-жылдан кийин байкала баштаган;

-Нарын облусунун айыл чарбасындагы өзгөрүүлөр (жетишкендиктер жана кемчиликтер) облустун социалдык турмушуна түздөн-түз таасирин тийгизген;

-Изилденип жаткан учурда облустун демографиялык абалында өзгөрүүлөр болуп, облустун калкынын бир бөлүгү республиканын борбордук региондоруна миграцияланган, мунун түпкү себеби жумушсуздук болгон;

-Калктын социалдык турмушунун маанилүү көрсөткүчү болгон билим берүү тармагы Кыргызстандагы жүргүзүлгөн реформага ылайык жаңы багытта өнүккондүгүнө карабастан, облустун айыл жергесиндеги билим берүү мекемелери мамлекет тарабынан өзгөчө колдоого муктаждыкка дуушарланган;

-Нарын облусунун калкынын саламаттыгын сактоо багытындагы аракеттер рынок мамлесинин татаал талаптарына ылайык жакшы өнүгө алган эмес. Медициналык жактан тейлөө ишинде акы төлөө, дары-дармектердин кымбатташы калктын жакыр катмарынын медициналык жардам алышына чоң тоскоолдук туудурган. Ветеринардык кызматтын начарлашынан улам малдын жугуштуу ооруларынын адамга жуккан учурлары күчөгөн;

-Айыл чарба өндүрүшүнүн кризисине байланыштуу облуста жакырчылыктын деңгээли бир кыйла жогорулаган. Жакырчылык бир гана айыл чарба өндүрүшүнүн кризисине байланыштуу өнүкпөстөн айылдарда көмүскө жумушсуздуктун күч алышы, баалардын өсүшү, социалдык камсыздоонун төмөндөшү өңдүү объективдүү жана субъективдүү себептер менен шартталган;

-Нарын облусунун экономикасын, калкынын социалдык турмушун жакшыртуу үчүн Кыргызстандын Өкмөтү тарабынан өзгөчө көңүл бурулуп, кошумча каражаттардын бөлүнүшүнүн зарылчылыгы, региондо башкаруунун натыйжалуу ыкмаларын кеңири пайдалануу, облусту компетенттүү, жогорку квалификациялуу адистер менен камсыз кылуу керектиги изилдөөнүн жүрүшүндө ачык көрүндү.

**Иштин апробацияланышы.** Изилденген теманын олуттуу маселелери, тыянактары боюнча автор тарабынан областык, республикалык илимий-практикалык конференцияларда, семинарларда илимий баяндамалар жасалды. Изилдөөнүн айрым маселелери жергиликтүү жана чет элдик илимий басылмаларда жарык көргөн. Бардыгы болуп көлөмү 5 б.т. жакын 9 макала жарык көрдү.

Изилдөөнүн материалдары жана тыянактары Нарын мамлекеттик университетинде диссертант тарабынан «Нарын облусунун тарыхы жана социалдык-экономикалык өнүгүшү» деген темадагы атайын курсту өтүүдө колдонулууда.

**Диссертациялык иштин структурасы.** Диссертациялык изилдөө иши киришүүдөн, эки баптан, беш параграфтан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

*Биринчи бап «Нарын облусунун айыл чарбасы калктын социалдык турмушунун негизи»* деп аталып, эгемендүүлүк жылдарындагы Нарын облусундагы агардык-жер реформасынын жүрүшү, анын ийгиликтери жана кыйынчылыктары, айыл чарба өндүрүшүнүн жетишкендиктери жана мүчүлүштөрү, анын кризиске дуушар болушунун себептери изилденет.

Диссертацияда көптөгөн жылдар бою Нарын облусу экономикасы, элинин турмуш шарты бир тараптуу, агрардык өндүрүштүн шартына байланышып, республиканын, өлкөнүн чийки зат берүүчү районлорунун бири болуп келгендиги белгиленди. Чийки затты көбүрөөк ташып чыгаруу пландаштырылгандыктан, кайра иштетүүчү өндүрүштүн ишканаларынан этти жарым-жартылай иштеткен цех жана сүт заводдорунан бөлөк тармак жокко эсе болгон.

Мына ушундай себептерден улам реформанын учурундагы олуттуу өзгөрүүлөр айыл чарба өндүрүшүнүн деңгээлине олуттуу таасир эткен.

Нарын облусунда жүргүзүлгөн агрардык-жер реформасынын биринчи этабы (1991-1993-жж.) рентабелдүүлүгү төмөн колхоз-совхоздорду реорганизациялоодон жана алардын жерин дыйкандарга таратып берүүдөн башталып, калкка жер үлүштөрү, чарбадагы мүлк үлүштөрү берилген.

Изилдөөдө Нарын облусунда айыл чарбасын приватташтырууну жүзөгө ашырууда жер-жерлерде көптөгөн каталыктар кеткендиги белгиленди. Кээ бир аймактарда акимдер жана чарба жетекчилери реформа жүргүзүүнүн этаптуулугун бузушуп жана аймактык өзгөчөлүктөрдү эске алышпай, колхоздорду, совхоздорду массалык менчиктештирүүгө киришишкен, натыйжада көптөгөн колхоздор менен совхоздор майда-майда жеке менчик чарбаларга бөлүнүп кеткен. Көпчүлүк дыйкандар натуралдык чарба жүргүзүшүп, өз үй-бүлөсүн бакканга араң жарап калышкан.

Айыл чарбасындагы начар абалды оңдоо үчүн Кыргыз Республикасынын өкмөтү экономикалык реформаларды 1994-1995-жылдарда тереңдетүү үчүн жаңы программа иштеп чыккан. Бул программаны ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин 1994-жылы 22-февралда «Кыргыз Республикасында жер жана агрардык реформаны тереңдетүүнүн чаралары жөнүндө» Указы чыгарылган. Бул Указ айыл чарбасындагы экономикалык өзгөрүүлөрдү, кайра түзүүлөрдү өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк түзүп, реформанын экинчи этабынын башталышына өбөлгө болгон.

Ушуга байланыштуу Нарын облусунда жер жана агрардык реформаны жүргүзүүдө, биринчиден, жерди пайдаланган атуулдар жерди сатууга, арендага берүүгө, мураска калтырууга укук алышкан. Экинчиден, бир үй-бүлөнүн пайдалануусуна 20 гектардан 30 гектарга чейинки өлчөмдө жер аянттарын берүү каралган. Мында облустун табигый шарттарына ылайык, нарындыктар 30 гектарга чейин пайдаланууга жарактуу, мурда иштетилбеген жерлерди ала алышкан. Үчүнчүдөн, жер реформасынын мамилелерин айыл-кыштактарда чечүүчү жаңы орган айылдык комитеттер түзүлгөн. Алар дыйкан жана фермерлердин укуктарын, кызыкчылыктарын коргоодо, алардын көптөгөн көйгөлүү маселелерин чечүүдө зор роль ойногон.

1998-жылы жерге жеке менчиктин киргизилиши менен айыл чарбасын реформалоонун кийинки этабы башталган. Айыл калкы 99 жылга алган жана жайыттардан тышкары бардык айыл чарба аянтынын 75%ын түзгөн жер үлүштөрү Конституцияга ылайык алардын жеке менчигине өткөн.

Натыйжада, Нарын облусунда айыл чарбасын реформалоонун убагында (1991-2005-жж.) мамлекеттик-коллективдүү менчикке негизделген чарбанын социалисттик системасын реформалоо аяктап, толук масштабдуу

жана терең өзгөртүүлөр жүргүзүлгөн. Нарын облусунда айыл чарбасын реформалоонун негизинде 69 чарба, айыл чарбасын тейлөөчү 19 мекеме-ишканалар мамлекеттен ажыратылып, алардын базасында 36538 дыйкан жана фермер чарбалар, 6 мамлекеттик эмес (кооператив, акционердик коом, жоопкерчилиги чектелген коом ж.б.) юридикалык жактарга кайра түзүлүп, 36,0 миң үй-бүлө мүлк үлүшүн, 153848 адам жер үлүшүн алышкан.

Изилдөө ишинде дыйкан жана фермердик чарбаларды кооперативдерге бириктирүүнү улантуу, ал үчүн кооперациянын бардык түрлөрүн жана формаларын айыл чарбасынын бардык тармактарында өнүктүрүү керек экендиги баса белгиленди.

Өткөөл доордо Нарын облусунун айыл чарбасынын материалдык-техникалык базасы төмөндөп кеткендиги аныкталды. Айыл чарба техникаларынын бардык түрү азайган, керектүү өлчөмдө минералдык жана органикалык жер семирткичтер колдонулбай калгандыгына байланыштуу жердин асылдуулугу төмөндөп, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү начарлаган. Нарын облусунда ирригация тармагы начар өнүккөндүктөн, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү азайып, ал эмес сугат талааларына суунун жетпей калышынан сугат аянттары кыскарган.

1991-2005-жж. аралыгында мамлекеттик жана коллективдүү чарбалар менен бирге фермердик жана дыйкан чарбалары иш жүргүзө баштагандыгы, алар экономикалык кризистин жылдарында өздөрүнүн жашоого укугун жана натыйжалуулугун көргөзгөндүгү баса белгиленди. Жеке, дыйкан, фермердик чарбалардын чарбалык ишмердигинин анализи алардын экономиканын акырындап стабилдешүүсүнүн шартында товардык айыл чарба продукциясын өндүрүүдө үстөмдүк кылуучу орунду ээлегенин көрсөтөт. Эгерде айыл чарба продукцияларын өндүрүү 1992-жылы колхоз-совхоздорго жана ири айыл чарба ишканаларынын үлүшүнө (84,3%ы) тиешелүү болсо, 2005-жылы айыл чарба продукцияларынын дээрлик баардыгы жеке, дыйкан жана фермердик ошондой эле көмөкчү чарбаларга тиешелүү болгон.

Иште дан чарбасы Нарын облусунда дыйканчылыктын негизин түзгөндүгү көрсөтүлөт, бирок дан эгиндери ээлеген айдоо аянты он беш жылда кыскарып, алардын түшүмдүүлүгү жана дүң жыйымы төмөндөгөндүгү белгиленет. Каралып жаткан жылдары дан эгиндеринин дүң жыйымы (1992-ж.) 148,2 миң тоннадан (2005-ж.) 76,9 миң тоннага азайган. Ал эми картошканын түшүмдүүлүгү 1992-ж. 39,7 центнерден 2005-жылы 142,7 центнерге өскөн, жашылчанын түшүмдүүлүгү 1992-ж. 37,7 центнерден 2005-ж. 122,5 центнерге өскөн.

Изилденип жаткан жылдарда облуста айыл чарба өсүмдүктөрүнүн айдоо аянттары көбөйтүлгөн. Эгерде 1990-жылы айыл чарба өсүмдүктөрүнүн айдоо аянты 60,9 миң гектар болсо, 2002-жылы 123,8 миң гектарды түзүп, дээрлик 2 эсеге көбөйгөн. Тамак-ашка керектелүүчү өсүмдүктөрдүн, өзгөчө буудайдын, аянтынын көбөйүшү (1991-жылдан баштап 2002-жылга чейин 29,4 миң гектарга көбөйгөн) айдоо жерлерин которуштуруп айдоо системасынын бузулушуна алып келген.

Диссертацияда Нарын облусунун айыл чарбасынын негизги багытын мал чарбачылыгы түзөөрү, жалпы өндүрүлгөн айыл чарба азыктарынын 60%дан ашыгы мал чарбасына туура келээри, менчиктештирүүдөн улам ири чарбалардын жоюлушунун жана социалдык-экономикалык кризистин натыйжасында малдын башы азайгандыгы, анын продуктылуулугу да жалпы алганда төмөндөгөндүгү анализденди.

Нарын облусунда малдын санынын кыскарышы мал чарба продукцияларын өндүрүүгө тескери таасирин берген, эгерде 1995-жылы 1990-жылга караганда мал чарба продукцияларын өндүрүү азайган болсо, 1996-жылдардан кийин мал чарба продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү акырындык менен өскөн. Нарын облусу эт өндүрүү боюнча башка региондорго салыштырмалуу жогорку көрсөткүчтөргө жетишкен. Эгерде, 1996-жылдан 2005-жылга чейин эт өндүрүү (союлгандан кийинки салмакта) Нарын облусунда 27,8%га өскөн болсо, Ош облусунда 7,3%га, Жалал-Абад облусунда 6,1%га, Баткен облусунда 4,3%га гана өскөн, ал эми Ысык-Көл облусунда 15%га, Талас облусунда 7,5%га, Чүй облусунда 28,8%га азайган. Каралып жаткан жылдарда уйдун башы 92,5 минден 115,0 миң башка көбөйгөн. Бирок, уй чарбасынын продуктылуулугу жалпы облус боюнча начарлаган. Облуста 1992-жылы 69,6 миң тонна, 1996-жылы 75,8 миң тонна, 2005-жылы 91,9 миң тонна сүт саап алынган. Сүт өндүрүү негизинен уйдун санынын өсүшү менен байланыштуу болуп, бирок ар бир уйдан сүт саап алуу азайган. Мисалы, 1991-жылы облустун бардык категориядагы чарбаларында ар уйдан сүт саап алуу 2593 килограммды түзгөн болсо, 1996-жылы 1622 кг, 2005-жылы 1740 кг түзгөн. Ар бир уйдан сүт саап алуу боюнча республикада Талас, Ысык-Көл жана Ош облустары жогорку көрсөткүчтү ээлесе, ал эми Нарын жана Баткен облусу төмөнкү көрсөткүчтү ээлеген. Изилденип жаткан жылдарда ири мүйүздүү малдын көбөйгөндүгүнө байланыштуу облуста бардык чарбаларда өндүрүлгөн эттин 40%га жакынын уй эти түзгөн. Облуста кой-эчкинин башы кескин кыскаргандыгына жана жүндүн сатып алуу наркы төмөндөгөнүнө байланыштуу жүн өндүрүү азайган. Эгерде 1992-жылы 7,9 миң тонна жүн өндүрүлсө, 2003-жылы 2,0 миң тонна гана жүн өндүрүлүп, натыйжада жүн өндүрүү 75%га кыскарган. Кочкор району жүн өндүрүү боюнча республикада экинчи орунда турган, анын үлүшүнө өлкөдөгү бүткүл өндүрүлгөн жүндүн 5,5%ы туура келген. Республиканын түндүгүндөгү бийик

тоолуу райондордо жүн өндүрүү түштүктөгү чарбаларга караганда көбүрөөк өнүккөн.

Изилдөө ишинде Нарын облусундагы асыл тукум чарбалардын абалы анализденип, мал чарбасынын көрсөткүчтөрү, менчиктин кайсы түрү болбосун, малдын асылдуулугуна жеткиликтүү көңүл бурулганда гана өз натыйжасын берери белгиленди.

*Экинчи бап «Нарын облусунун социалдык турмушу»* деп аталып, анда Нарын облусунун калкынын социалдык турмушунун негизги көрсөткүчтөрү болгон: билим берүүнүн, демографиялык абалдын, саламаттыкты сактоонун маселелери, жакырчылык жана аны жоюунун аракеттери изилденди.

Эгемендүүлүктүн эң алгачкы жылдарында эле Кыргыз Республикасында билим берүү маанилүү мамлекеттик маселе катары аныкталган. Коомдун турмушундагы ири социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр мектепке чейинки билим берүү тармагына да таасир тийгизбей койгон жок. Айрыкча мектепке чейинки мекемелерди каржылоонун төмөндөшү, алардын кыскарышына алып келген. Каралып жаткан жылдарда Нарын облусундагы мектепке чейинки балдар мекемелери 4 эсеге кыскарган. Айыл жергесинде ведомстволук балдар мекемелери толугу менен жоюлган, мунун негизги себеби облуста колхоз-совхоздордун реформаланышы менен балдар мекемелери алардын эсебинен каржыланбай калган.

Мектепке чейинки балдар мекемелеринин кыскарышына жана балдар бакчасында акы төлөөнүн жогорулагандыгына байланыштуу, мектепке чейинки билим алчу балдардын саны да кескин кыскарган. 2005-жылы 1991-жылга салыштырмалуу Нарын облусунда балдар мекемелерине барган балдардын саны 3722 балага, ал эми айыл жергесинде 1015 балага кыскарган.

Ушул жагдайларды эске алуу менен билим берүү системасын жакшыртууга, аны базар экономикасына ылайык реформалоого карата мамлекеттик деңгээлде бир кыйла иш-чаралар көрүлүп келген. Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө ээ болгондон бери «Билим берүү мыйзамы», Билим берүүнүн мамлекеттик доктринасы, «Билим» (1996-ж), «XXI-кылымдын кадрлары» (1995-жыл), «Жеткинчек» (1999-ж), «Аракет» (1998-ж) ж.б. маанилүү документтер кабыл алынган. «Өнүгүүнүн комплекстүү негиздери» программасында да жакырчылыкты жоюу максатынын бир багыты катары билим берүүнү эл аралык деңгээлге шайкеш өнүктүрүү жана реформалоо маселелери белгиленген.

Диссертацияда мектепке чейинки билим берүү системасы Нарын облусунда биз изилдеп аткан мезгилде бир аз өнүккөндүгү белгиленет. Баарыдан мурда, мектепке чейинки мекемелердин альтернативалуу мамлекеттик эмес моделдерин өнүктүрүү боюнча иштер жүргүзүлгөн. Үй-бүлөлүк, жамааттык жана жеке менчик типтеги мектепке чейинки мекемелерди түзүү аракети жүргөн.

Өтмө доордо жүргүзүлгөн реформалар биздин коомубуздун бүткүл жашоо чөйрөлөрүнө, бардык түзүмдөрүнө, анын ичинен айыл мектептеринин ишмердиктерине да олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизди. Нарын облусунда 2005-2006-окуу жылында 137 мектеп болсо, анын ичинен 123ү же 90%ы айылдык мектептер болгон.

Нарын облусунда мектептерде көп сменалуу билим берүү чечилбеген маселе бойдон калгандыгы жана айрыкча кыргыз тилинде окуган мектептердин китеп менен камсыз болушу башка облустарга караганда төмөн болгондугу белгиленди.

Республикадагы жалпы билим берүүчү мектептердин педагог кадрлар менен камсыз болушун анализдөөдө, Нарын облусунда башка облустарга салыштырганда мектептердин педагог кадрлар менен камсыз болушу жогору болгон. 1996-жылы Нарын мамлекеттик университетинин ачылышы жана ушул университетте мугалимдик кадрлар даярдала турган бөлүмдөрдүн болушу облустун мектептерин мугалим кадрлар менен камсыз болушуна чоң жардам берген.

Изилдөө ишинде, окуучулардын билим деңгээлин текшерүүдө 2003-жылдан 2006-жылга чейинки тестирлөөнүн маалыматтары пайдаланылып, төрт жылдын маалыматында тең айылдык мектептердин бүтүрүүчүлөрүнүн билим деңгээли жалпы республикалык деңгээлде төмөн болгондугу аныкталды.

Билим берүүнүн маанилүү тармагы болуп кесиптик-техникалык билим берүү эсептелинет. Изилдөөдө, рыноктук мамилеге өтүү мезгилинде кесиптик билим берүүнүн өнүгүүсүнө чет өлкөлүк адистер жана чет өлкөлүк уюмдар менен кызматташуу да жакшы жардам бергендиги көрсөтүлгөн. 2001-жылдан бери Нарын облусунун кесиптик окуу жайларында «Хельветас» Швейцариялык эл аралык кызматташуу ассоциациясынын колдоосу менен «Айылдык кесиптик билим берүү» долбоору 7 кесиптик окуу жайларында «фермер» жана «фермер айым» кесиптерине окутуу жүргүзүлгөн.

«Хельветас» Айылдык кесиптик билим берүү долбоору менен биргелешип иштешүүдө кесиптик окуу жайларынын теориялык жана практикалык окууларына жаңы инфаструктуралар түзүлүп, инновациялык методдор киргизилип, республикада Нарын облусунун кесиптик-техникалык билим берүү системасы жакшы жетишкендиктерге ээ болгон.

Нарын облусунун калкынын интеллектуалдык, илимий жана экономикалык потенциалын көтөрүү максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин 1996-жылдын 22-майындагы Указы менен Нарын мамлекеттик университети (НМУ) ачылган.

Диссертацияда Нарын мамлекеттик университети салыштырмалуу чоң ийгиликтерге жетишкендиги, материалдык-техникалык базасынын салыштырмалуу өркүндөтүлгөндүгү, профессордук-окутуучулук курамынын сапаттык жактан өсүшү боюнча бир топ жакшы көрсөткүчтөргө ээ болгондугу жана чет өлкөлөр менен байланышы жылдан-жылга чыңдалгандыгы анализденди.

Изилдөө ишинде Нарын облусунун демографиялык абалы башка облустар менен салыштырылып талданды. Натыйжада Нарын облусунда калктын табыгый өсүшү жогору болуп, калктын өлүмү да жогору болгондугу белгиленди, ошондой эле калктын өлүмүнүн көбөйгөндүгүнүн себептери изилденди

Каралып жаткан жылдары балдардын төрөлүшү Нарын, Жалал-Абад жана Талас облустарында жогору болсо, Ысык-Көл жана Чүй облусунда табыгый өсүш салыштырмалуу төмөнкү деңгээлде болгон. 1000 адамга эсептегенде 2005-жылы Нарын, Жалал-Абад жана Талас облустарында ушул тартип боюнча алганда 25,2; 24,2; жана 24,7 бала төрөлсө, 8,0; 6,1; жана 7,4 адам өлгөн. Ысык-Көл жана Чүй облустарында болсо ушул жылы бул көрсөткүчтөр 21,4; 16,8 жана 9,2; 10,4 адам болгон.

Кыргызстандын демографиялык өзгөчөлүктөрүнүн бири КМШнын айрым өлкөлөрүнө караганда шаар калкына салыштырмалуу, айылдардагы калктын басымдуулук кылгандыгында. Нарын облусунда 1991-жылга салыштырганда 2006-жылы шаар калкы азайып, айылдын калкы өскөн.

Калктын саламаттыгын сактоо жана жакшыртуу социалдык турмуштун эң маанилүү тармагы экендиги талашсыз. Калктын саламаттыгын сактоонун сапаттык жагы бир кыйла деңгээлде бул тармакта эмгектенген адистерге байланыштуу экендиги белгилүү. Каралып жаткан жаткан жылдарда Кыргыз Республикасында анын ичинен Нарын облусунда дарыгерлердин саны жылдан-жылга азайган.

Изилденип жаткан 1991-2005-жылдарда айыл жергесиндеги медициналык кызмат адистер менен өтө аз камсыздалган боюнча калганын өзгөчө белгилөө керек. Мунун негизги себеби болуп, айлык акынын абдан төмөндүгү, медицина окуу жайларын бүткөн бүтүрүүчүлөр климаты катаал, борбордон бир нече чакырым алыс жайгашкан алыскы айылдарга барышпаганы менен түшүндүрүлөт.

Изилдөө ишинде 2001-жылдан баштап Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги, Каржы министрлиги, мамлекеттик администрациялар, өзүн-өзү башкаруу органдары менен биргеликте саламаттык сактоо секторунда медициналык кызматтарды каржылоонун жана төлөөнүн жаңы ыкмаларын региондорго киргизүү менен коштолгон терең структуралык өзгөртүүлөрдү баштагандыгы чагылдырылды.

Калктын саламаттыгын сактоо үчүн көрүлүп жаткан чараларга карабастан, айрыкча айыл жергесинде медициналык жардамдын өз деңгээлинде болбой жаткандыгынан адамдардын өмүрүн кый ан оорулар азаймак тургай, көбөйгөн.

Облустун калкынын өлүмүнүн себептерин изилдегенде, алардын көпчүлүгү дем алуу, кан айлануу системасынын ооруларынан майып болору, бул оорулар өзгөчө эркектерде көп кездешери аныкталган. Республиканын бардык региондору сыяктуу эле, облуста жугуштуу оорулардын деңгээли төмөндөгөн эмес. Айрыкча бруцеллез оорусу күчөгөн. Эгерде бруцеллез оорусу 2004-жылы 100000 адамга эсептегенде 64,27ни түзсө, 2005-жылы 99,48ди түзгөн. Райондун жетекчилеринин, ветеринардык кызматкерлердин көңүлкош мамилелери жана малдын арасында жугуштуу оорулардын көбөйүшү, санитардык-гигиеналык эрежелердин сакталбагандыгы бул оорунун көбөйүшүнө алып келген.

Эне менен баланын саламаттыгын сактоо медициналык кызматкерлердин эң маанилүү милдеттеринен экендиги белгилүү. Каралып жаткан жылдарда республикада баланын жана эненин өлүмүнүн деңгээли бир азга төмөндөсө да, бул көрсөткүчтөр Нарын, Талас жана Ысык-Көл облустарында жогору бойдон калган. Нарын облусунда үйбүлөлүк дарыгерлер топтору тарабынан боюнда бар аялдардын учурунда катталбай калышы же кеч катталышы, төрөт жашындагы аялдар арасында профилактикалык, санитардык-агартуу иштери жана үйбүлөнү ыраатташтыруу иштери начар жүргүзүлүшү энелердин өлүмүнө себеп болгон.

Изилдөө ишинде Нарын облусунда жакырчылыктын деңгээлинин жогору болушунун себептери жана аны жоюунун аракеттери чагылдырылды. Изилденип жаткан жылдары республиканын башка региондоруна салыштырмалуу кедейликтин деңгээли боюнча эң жогорку көрсөткүч Нарын, Талас облустарына тийиштүү болгон. Эгерде 1996-жылы Нарын облусундагы калктын 60,7%ы кедейликте жашаса, 2000-жылы 81,4%ы, ал эми 2002-жылы 67,8 %ы кедейликте жашаган.

Нарын облусу өзүнүн татаал климаттык шарты, борбордон алыстыгы, бир тараптуу айыл-чарба региону болгондуктан ар дайым мамлекеттен каржыланып, дотацияда туруп келген. Өлкөдө жер жана агрардык, социалдык-экономикалык реформаларды жүргүзүүдө республиканын жалпы калкына кандай кыйынчылыктар келсе, ал облустун элинин үлүшүнө эки эсе көп туура келген.

Облустагы жакырчылыктын өсүшү, жумушсуздуктун көбөйүшүнө да байланыштуу болгон. Облус боюнча официалдуу статус алган жумушсуздар

2005-жылдын аягында 7822 адамды түзүп, 1998-жылга салыштырганда 40 %ке өскөн.

Айыл жергесинде жумушсуздук өзгөчө күч алган. Жер-агрардык реформасынын негизинде айылдыктар жерге жеке менчик ээси болуп калышкан, колхоз жана совхоздордун базасында дыйкан чарбалары түзүлгөн. Ошону менен бирге, өлкөнүн айыл чарбасындагы оор кырдаалдан улам, калктын олуттуу бөлүгү чындыгында жумушсуздук абалында турганы менен, фермер катары эсепке киргизилип калган. Бул натуралдык чарба жүргүзгөн, финансылык каражаттар, материалдык-техникалык ресурстар кескин жетишпеген майда дыйкан чарбаларына тиешелүү.

Өлкөдө болуп өткөн экономикалык кризис, инфляциянын жогорулашы, экономиканын төмөндөп кетиши облустун калкынын өнүккөн башка региондорго көчүп кетүүсүн күчөткөн. Натыйжада 1990-жылдан баштап калктын миграциялык активдүүлүгү абдан жогорулап, 1994-жылы облустан 7830 адам, ал эми 2006-жылы облустан 6002 адам көчүп кеткен.

Изилдөөдө жакырчылык негизинен айыл жергесинде, социалдык жана экономикалык борборлордон алыс жашаган, көп үй-бүлөлүү, киреше булактары аз адамдардын көйгөйүнө айлангандыгы аныкталды. Статистикалык маалыматтарга ылайык, облустун калкынын көпчүлүгү айылда жашаганын эске алганда, айыл калкынын жакырчылыгынын масштабы социалдык-экономикалык жана саясий курч мүнөзгө ээ болгон.

Экономиканы өнүктүрүүнүн жана кедейчиликти жоюунун таасирдүү жолдорунун бири бул калкты жетиштүү кредиттик ресурстар менен камсыз кылууга байланыштуу. Микрокредиттөө системасынын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн, биздин оюбузча, кайталап кредиттөө системасына жол ачуу керек, анткени кыска мөөнөттө өндүрүштү толук жолго коюп кетүү (айрыкча мал чарбасы менен алектенген фермерлерге жана дыйкандарга) дайыма эле мүмкүн эмес экенин турмуш көрсөттү.

Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалар начар өнүккөндүктөн фермерлер жана дыйкан чарбалары өздөрү өндүргөн продукцияларынын 95%ын арзан баада сатууга аргасыз болушкандыгы аныкталды. Биз карап жаткан жылдарда айыл жергесинде айыл чарба өсүмдүктөрүнүн продукцияларды кайра иштетүүчү мини тегирмендер, май сыгуучу цехтер иштеген, ал эми мал чарба продуктуларын кайра иштетүү ишканалар, мини цехтер дээрлик жок болгон.

Жакырчылыкты жоюуда эң маанилүү фактор болуп орто жана чакан бизнести өнүктүрүү болуп саналат. 2001-жылдын ичинде облуста катталган 344 чакан жана орто бизнес субъекттеринин ичинен болгону 19% и иштеген, алар өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмүнүн 6,6% ин өндүргөн. Иштеген кичи ишканалардын саны 2000-жылы 97 болсо 2005-жылы 91 болуп, 6,2%ке азайган. Чакан жана орто бизнес субъектилеринин ишинин ушундай төмөн деңгээли, алардын айылдарда аз санда экендиги кыйла проблемалар бардыгын күбөлөндүрүп турат.

*Изилдөөнүн натыйжасы төмөнкү корутундуларды жаратты:*

Айыл чарбасына ички дүң продуктынын 60%га жакыны туура келерин жана калктын 82%дан ашыгы айыл жергесинде жашаарын эске алсак, облустун экономикалык потенциалын көтөрүүдө айыл чарбасына кандай орун туура келери ачык көрүнүп калат. Ошондуктан айыл чарбасынын экономикалык потенциалын көтөрүү приоритеттүү милдет катары коюлган, мамлекет тарабынан да, облустук мамлекеттик администрация тарабынан да бул багытта олуттуу иштер жасалган.

Нарын облусунда айыл чарбасын реформалоонун негизинде төмөндөгүдөй өзгөрүүлөр болгон: 154 миң адам жер үлүштөрүн алышып жерге жеке менчик ээси болуп калышкан, жер рыногу калыптанган, жылдан-жылга фермердик жана дыйкан чарбаларынын саны осүп, айыл чарба продукциясын өндүрүү боюнча бир катар ийгиликтерге жетишкен. Облусту азык-түлүк менен, ал эми кайра иштетүү ишканаларын сырьё менен камсыз кылуучу айыл чарба продукциясынын рыногу иштей баштаган. Айыл жергесинде жеке менчиктин жана конкуренциянын негизинде чакан жана орто бизнес, ишкерлик бир аз да болсо өнүккөн. Жер жана агрардык реформаларды пландуу жана этаптуу түрдө ишке ашыруунун натыйжасында 1996-жылдан кийин айыл чарбасында өндүрүштүн темпинин жана көлөмүнүн 1990-жылдагы деңгээлден жогору турган стабилдүү өсүшү байкалган.

Бийик тоолуу облустун билим берүү тармагында да азыркы рынок мамилелеринин шартына ылайык жеке багыттагы жаңы типтеги мектептер, лицейлер, гимназиялар, автордук мектептер ачылган. Нарын облусунун мектептеринин педагогикалык кадрлар менен камсыз болушу башка облустарга караганда жогору болгон менен айрым предметтер боюнча мугалимдер жетишсиз бойдон калган. Китеп менен камсыз болуу, айрыкча кыргыз тилинде окуган мектептерде начар абалда болгон. Ошону менен бирге мектептердин материалдык-техникалык базасы чыңдалган эмес.

Реформалоонун жыйынтыгында саламаттык сактоо системасында фундаменталдык өзгөрүүлөр жасалган: милдеттүү медициналык камсыздандыруу аркылуу калкты социалдык коргоонун таасирдүү механизмдери түзүлгөн, калкка медициналык жана профилактикалык жардамды гарантиялуу түрдө берүүнү камсыз кылган механизмдер андан ары өнүктүрүлгөн. Ошого карабастан, калктын социалдык турмушунун эң маанилүү көрсөткүчү болгон бул тармакта чечилбеген маселелер өтө көп бойдон кала берген. Нарын облусунда ооруларды алдын алуу иши жолго

тескерисинче көбөйгөн. Айрыкча айыл калкы дарыгерлердин жана ветеринардык врачтардын кайдыгерлигинен улам туберкулез оорусунан жана малдан жуккан бруцеллез оорусунан жапа чегишкен. Айыл жергесинде дарыгерлердин жетишсиздиги облустагы эң көйгөлүү маселе бойдон кала берген.

Республикада болуп жаткан социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр Нарын облусунун демографиялык абалына да өз таасирин тийгизген. Рынок экономикасына өтүү, дээрлик кыргыздар жашаган Нарын облусунун айылдарында социалдык-экономикалык абалды курчуткан. Айыл калкынын, өзгөчө жаштардын шаарларга же социалдык-экономикалык жактан өнүккөн региондорго миграциясы күч алган.

Жалпы республика боюнча алганда калктын табыгый өсүшү жогору болсо да, 1990-жылга салыштырмалуу төмөндөгөн. Нарын облусунда балдардын төрөлүшү да, алардын өлүмү да республикалык көрсөткүчкө караганда жогору болгон.

Нарын облусунда жакырчылыктын деңгээли да эң жогорку деңгээлде турган. Облуста катталган жумушсуздардын саны жылдан-жылга көбөйө берген, айрыкча айыл жергесинде айыл чарба жумуш орундарынын өнүкпөгөндүгүнөн көмүскө жумушсуздук күч алган.

*Илимий иште чыгарылган тыянактардын негизинде төмөндөгүдөй сунуштар киргизилди:*

- Дыйкан жана фермердик чарбаларды кооперативдерге бириктирүүнү улантуу, ал үчүн кооперациянын бардык түрлөрүн жана формаларын айыл чарбасынын бардык тармактарында өнүктүрүү мезгил талабы болуп калды.
- Айыл чарбасын андан ары өнүктүрүү үчүн агрардык секторго чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу, натыйжалуу маркетингдик системаны түзүү, кайра иштетүүчү ишканаларды куруу жана кичи кредит берүү системасын өнүктүрүү зарыл.
- Билим берүү системасын реформалоонун Концепциясын иштеп чыгууда региондордун социалдык-экономикалык өнүгүшүндөгү өзгөчөлүктөрдү эске алуу жана анда приоритеттүү максаттар менен милдеттерди көрсөтүү керек.
- Калктын көпчүлүгү айылдарда жашагандыктан айылдык мектептердин рынокко ыңгайлашуусунун натыйжалуу механизмдерин жана билим берүү программаларынын варианттуу үлгүлөрүн иштеп чыгуу, мектептерде окутулган предметтердин санын азайтып, сапатын жогорулатуу мезгил талабы болууда.
- Мугалимдин жана педагогикалык кесиптин коомдогу статусун көтөрүү, алардын билим деңгээлин системалуу түрдө жогорулатуу билим берүүнүн сапатын көтөрөөрү шексиз.
- Калктын саламаттыгын сактоодо эң маанилүү роль ойногон үйбүлөлүк медицина институтун андан ары чыңдоо жана өнүктүрүү, бул багыттагы иштерди жакшыртат.
- Нарын облусунун айылдык калкы шаардан же райондун борборлорунан алыста жайгашкандыктан, аларды тейлөө үчүн фельдшердик-акушердик пункттарды жана медициналык тез жардамдын потенциалын күчтөндүрүүгө айрыкча басым коюу мезгил талабы болууда.
- Айрым райондордо түзүлгөн ден соолук комитеттеринин ишин жайылтууга жамааттарды, бейөкмөт уюмдарды, массалык маалымат каражаттарын, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарын тартуу ден соолук маданиятын калыптандырууда ийгиликтерге алып келмек.
- Жумушсуздуктун жогору болушуна байланыштуу жумушсуздуктун деңгээлин төмөндөтүүнүн негизги фактору катары эмгек рыногунун инфраструктурасын жана чакан жана орто бизнести кеңири өнүктүрүү зарыл.

Жыйынтыгында, өткөн жолдун тажрыйбасын жана сабактарын изилдөө жана анализ берүү, мындан ары Нарын облусунун социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн проблемаларын чечүүдө чоң мааниге ээ.

**Диссертация боюнча жарыяланган эмгектер:**


1. Нарын облусундагы жакырчылык жана аны жоюунун аракеттери // Вестн. КАУ. – Бишкек, 2004. – №2. – С. 231-235.
2. Нарын облусунун демографиялык абалы (1991-2003-жж.) // Вестн. КАУ. – Бишкек, 2004. – №2. – С. 235-239.
3. Нарын облусунун айыл чарбасынын абалы (1991-2005-жж.) // Известия вузов. – Бишкек, 2006. – №3-4. – С. 203-207.
4. Нарын облусунда агрардык-жер реформасынын жүрүшү // Известия вузов. – Бишкек, 2006. – №3-4. – С. 210-215.
5. Нарын облусунда мал чарбасынын өнүгүшү (1991-2006-жж) // КР УИА. Кыргызстан тарыхынын маселелери. – Бишкек, 2007. – №1. – 52-58 бб.
6. Нарын облусунда кесиптик башталгыч билим берүүнүн өнүгүшү (1991-2006-жж.) // КР УИА. Кыргызстан тарыхынын маселелери. – Бишкек, 2008. – №2. – 35-39 бб.
7. Состояние детских дошкольных учреждений Нарынской области Кыргызской Республики (1991-2005 гг.) // «Үлт тагылымы» - «Достояние нации». – Алматы, 2008. – №2. – С. 166-171.
8. 1991-2005-жылдардагы Нарын облусундагы жалпы билим берүүчү мектептердин өнүгүүсү // Наука и новые технологии. – Бишкек, 2008. – №3-4. – С. 303-307.
9. Состояние здравоохранения в 1991-2005 гг. в Нарынской области Кыргызской Республики. // «Изденис»-«Поиск». – Алматы, 2008. – №2. – С. 148-152.

**РЕЗЮМЕ**

**Бектемирова Айнагул Кашкарбаевна**

**Нарын облусунун социалдык-экономикалык турмушу (1991-2005-жж.)**
**07.00.02. – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына талапкерликке жазылган диссертация**

*Өзөктүү сөздөр:* Нарын облусу, турмушу, социалдык-экономикалык, агрардык-жер реформасы, айыл чарбасы, билим берүү, саламаттыкты сактоо, демография, жакырчылык.

Диссертацияда илимдин алкагында алгачкы жолу киргизилген документалдык материалдардын жана облустун учурдагы архивдик материалдарынын негизинде рынок экономикасынын калыптануу жана өнүгүү шартында Нарын облусунун социалдык-экономикалык абалы ар тараптуу изилдөөгө алынган. Өткөн мезгилдин жыйынтыгын чыгаруу, бул процесстин проблемаларын талдоо жана ага туура баа берүү, облустун мындан ары өнүгүшү үчүн терең мааниге ээ, практикалык жана теориялык жагынан да актуалдуу.

Нарын облусунун экономикасынын негизин айыл чарбасы түзгөндүктөн өндүрүштүн ушул тармагын изилдөөгө чоң көңүл бурулду. Нарын облусунун социалдык чөйрөсү Кыргызстандын жалпы контекстинде каралып, өлкөбүздүн башка региондору менен салыштырылып анализденди. Облустун айыл жергесиндеги социалдык турмушунда чечилбеген маселелердин топтолушунун себептерин, натыйжаларын көрсөтүүгө аракет жасалды. Облусту өнүктүрүүнүн приоритетүү багыттары болуп жакырчылыкты жоюу жана айрыкча айыл жергесиндеги билим берүү, калктын саламаттыгын сактоо аныкталды.

Изилдөөдө Нарын облусунун демографиялык абалынын өзгөчөлүктөрү, жакырчылыктын өсүшү жана анын себептери, мектепке чейинки, жалпы орто, кесипчилик-техникалык, жогорку билим берүүнүн өнүгүшүндөгү жаңы багыттардын ийгиликтери менен кемчиликтерин аныктоого, калктын саламаттыгын сактоонун абалын жана калктын ден соолугу үчүн камкордуктун деңгээлин талдоого басым жасалды. Иште каралган проблемалар маалыматтык жана статистикалык жактан такталып, системага салынган.

Корутундуда изилдөөнүн негизги жыйынтыктары жалпыланды, рынок мамилелеринин орноо мезгилиндеги Нарын облусунун социалдык өнүгүшүнүн тажрыйбасын анын учурдагы өнүгүүсү үчүн пайдалануунун мүмкүндүктөрүн күбөлөгөн зарыл тыянактар чыгарылды.

Диссертация киришүүдөн, эки баптан, корутундудан жана библиографиядан турат.

**Р ЕЗ Ю М Е**

**Бектемирова Айнагул Кашкарбаевна**

**Социально-экономическое развитие Нарынской области (1991-2005 гг.)**
**Диссертация на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02 – Отечественная история**

*Ключевые слова:* Нарынская область, развитие, социально-экономическое, аграрная реформа, сельское хозяйство, образование, здравоохранение, демография, бедность.

В диссертационной работе на основе документальных материалов действующих архивов области, с ведением в научный оборот новых данных, комплексно исследовано социально-экономическое развитие области в условиях становления и развития рыночной экономики.

Подведение итогов прошлого, исследования и правильная оценка проблем этого процесса, имеет важное значение для дальнейшего развития области, что безусловно актуально как в теоретическом, так и практическом плане.

Исследованию сельского хозяйства уделено большое внимание, так как она составляет основу экономики Нарынской области. Социальная среда области рассмотрена в общем контексте Кыргызстана, дан сравнительный анализ с другими регионами нашей республики.

В диссертации сделана попытка показать причины возникновения и результаты насущных проблем социальной жизни сельского населения области. Определены приоритетные направления развития области, такие как борьба с бедностью, и особенно образование в сельской местности.

Исследование ведется через рассмотрение таких проблем как особенности демографического положения, причины бедности и его роста, успехи и недостатки в развитии новых направлений дошкольного, общеобразовательного, профессионально-технического, и высшего образования, а также исследование состояния здоровья населения.

Рассмотренные проблемы информативно и статистически уточнены и систематизированы.

В заключении обобщены основные результаты исследования, сделаны необходимые выводы, определившие возможность использования опыта социального развития Нарынской области в условиях становления рыночной экономики.

Диссертация состоит из введения двух глав и библиографии.

## SUMMARY

**Bektemirova Ainagul Kashkarbaevna**

**Social and economical development of Naryn region (1991-2005)**
**Specialty 07.00.02 – Native history**
**For applying on academic degree of candidate of historical science**

*Key words:* Naryn region, development, social and economical, land reform, agriculture, education, health protection, demography, poverty.

On the basis of documentary data of actual archives of Naryn region with the implementation of new data in scientific use social and economical development of the region under the conditions of formation and development of market economy was fully investigated in the dissertation.

Sizing up of the results of the past together with investigations and right estimation of the problems of this process are of great importance for the further development of the region that is certainly relevant theoretically as well as practically.

We paid much attention to the examination of agriculture, because it is the basis of economy in Naryn region. Social sphere of the region is regarded in general context of Kyrgyzstan; we conducted compare analysis with other regions of the Republic.

In the work we attempted to show the reasons of current problems of population social life and their results. Priorities of the region development were identified, especially in the sphere of education in rural area.

Research is performed by way of consideration of such problems as peculiarities of demography, reasons of poverty and its increase, success and disadvantages of the modern trends in preschool, general, vocational and higher education and also examination of public health service.

Examined problems were informationally and statistically specified and systematized. Main results of the research were summarized in conclusion. In the process of agriculture reforming in Naryn region great changes took place, namely, formation of private property on land. We made necessary conclusions, testifying to the possibilities of using the experience of social development in Naryn region during the examined period of time – foundation of market economy.

Dissertation includes introduction, two chapters and bibliography.



Формат 60x84 1/16
Бумага офсетная. Объем 1,3 п.л.
Тираж 100 экз.

Отпечатано в типографии ЧП «Абыкеев А.Э.»
г.Бишкек, ул. Абдумомунова,193